# СААНЧЫЛАРДЫН РАЙОНДУК КОНКУРСУ

Ар бир профессиянын өзүнүн өзгөчөлүгү, «сыры» бар. Эгерде адам аны ийгиликтүү өздөштүрүп алса, ал өз ишинин мыкты адиси болуп калат. Жакында «Заветы Ленина» колхозунун сүт-товар фермасынын базасында райондун саанчыларынын профессия боюнча конкурсу болуп өттү.

Райондук айыл чарба башкармасынын мал чарба бөлүмү алдын ала даярдануу иштерин жүргүздү. Ферманын бардык уйлары дыкаттык менен текшерилип, топторго бөлүндү. Ар бир топто 4төн уй болду.

Конкурстун шартында кол операциясына эки минута берилген, аппаратты бөлүүгө жана чогултууга 7 минут берилди. Башка операциялардын да так мөөнөттөрү белгиленди. Мелдештин бардык түрүнүн комплексине 100 баллдык система боюнча баалоо киргизилди. Конкурска өзүнүн карамагындагы уйлардын тобунан бир жылдын ичинде 70 тоннадан кем эмес сүт саап алышкан саанчылардын катышууга укугу болду.

— Үстүбүздөгү жылы — дейт айыл чарба башкармасынын старший зоотехниги, судьялык коллегиянын председатели М. А. Серяченко, — конкурс уюшкандыкта өткөрүлүүдө. Саанчылар аппараттарды бөлүүнү жана чогултууну так жана тез өткөрүштү, уйларды саап жаткан учурда да жогорку мастерликти көрсөтүштү. Квалификацияны жогорулатуунун бирден бир фактору болуп жалпы баа эсептелет. Өткөн жылы орточку көрсөткүч 60—65 балл болсо үстүбүздөгү жылы эң эле төмөнкү балл 83,3 болду.

Кеч курун конкурстун жыйынтыгы чыгарылды. Биринчи орунду «Заветы Ленина» колхозунун алдыңкы саанчысы Мария Алексеевна Кузьмичева жеңип алды. Ал 96,25 балл алды. «Труд» колхозунун саанчысы Эльза Вайнкауф лидерден бир гана баллга артта калды. Үчүнчү орунду «Заветы Ленина» колхозунун саанчысы Мария Косинюк ээледи. Судьялык коллегия жаш саанчылар үчүн да бир призди орунду бөлдү. Буга Кыргыз МИСинин төртүнчү фермасынын саанчысы, комсомолка Любовь Мельгерт татыктуу болду.





**СҮРӨТТӨ: жаштардын арасынан мыктысы болгон Л. Мельгерт; «Заветы Ленина» колхозунун саанчылары, конкурстун жеңүүчүлөрү М. Кузьмичева жана М. Косинюк; желек көтөрүү.**

**Тексти жана фотосу В. РЫБАСОВдуку.**

